# БИШКЕК ШААРЫНЫН МЭРИЯСЫНЫН ТОКТОМУ

*Бишкек шаары, 2022-жылдын 22-июну № 104*

## Бишкек шаарынын мэриясынын Регламенти жөнүндө

Бишкек шаарынын мэриясынын иш-аракеттерин документтик камсыздоону өркүндөтүү жана документтер менен иштөөнү оптималдаштыруу максатында, Бишкек шаарынын мэриясынын аппарат жетекчисинин "Бишкек шаарынын мэриясынын Регламенти жөнүндө" Бишкек шаарынын мэриясынын токтомунун долбооруна карата 2022-жылдын 20-июнундагы № АС03-10/806 маалым катын эске алып, "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 44 жана 48-беренелерине, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 28-октябрындагы № 233 "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин регламенти жөнүндө" жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 3-мартындагы № 120 "Кыргыз Республикасында иш кагаздарын жүргүзүү боюнча типтүү нускама жөнүндө" токтомдоруна ылайык токтом кылам:

1. Бишкек шаарынын мэриясынын Регламенти (мындан ары - Регламент) тиркемеге ылайык бекитилсин.

2. Бишкек шаарынын мэриясынын түзүмдүк жана аймактык бөлүмдөрүнүн, муниципалдык ишканаларынын жетекчилери белгиленген тартипте:

- Регламентти жетекчиликке жана кынтыксыз аткарууга алышсын;

- эки жумалык мөөнөттө өздөрүнүн чечимдерин ушул токтомго ылайык келтиришсин;

- Бишкек шаарынын мэриясынын аймактык жана түзүмдүк бөлүмдөрүндө, муниципалдык ишканаларында Регламенттин жоболорун изилдеп үйрөнүү боюнча ишти уюштурушсун.

3. Төмөндөгүлөр күчүн жоготту деп таанылсын:

1) Бишкек шаарынын мэриясынын 2020-жылдын 23-январындагы № 2 "Бишкек шаарынын мэриясынын Регламентин бекитүү жөнүндө" токтому;

2) Бишкек шаарынын мэриясынын 2020-жылдын 9-декабрындагы № 118 "Бишкек шаарынын мэриясынын "Бишкек шаарынын мэриясынын Регламентин бекитүү жөнүндө" 2020-жылдын 23-январындагы № 2 токтомуна өзгөртүү киргизүү жөнүндө" токтому;

3) Бишкек шаарынын мэриясынын 2021-жылдын 15-октябрындагы № 153 "Бишкек шаарынын мэриясынын 2020-жылдын 23-январындагы № 2 "Бишкек шаарынын мэриясынын Регламентин бекитүү жөнүндө" токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" токтому.

4. Ушул токтомдун аткарылышын контролдоо Бишкек шаарынын биринчи вице-мэрине, Бишкек шаарынын вице-мэрлерине, Бишкек шаарынын мэриясынын аппарат жетекчисине жүктөлсүн.

**Бишкек шаарынын мэри** **Э.Абдыкадыров**